# Улуттук банктын ноталары

*(2014-жылдын февраль айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Улуттук банктын ноталарынын февраль айында өткөрүлгөн төрт аукционунда эмиссиянын жарыяланган көлөмү 9,2 млрд. сомду түзгөн, бул өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнөн 3,2 пайызга төмөн.

Февраль айында суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү 15,5 пайызга төмөндөп, 2,0 млрд. сомду түзгөн. Ушул эле ай ичинде сатуу көлөмүн жүгүртүү мөөнөтү 7 жана 28 күндүк ноталар түзгөн, алардын көпчүлүк бөлүгү сатуу түзүмүндө жалпы үлүшү 79,8 пайызды түзгөн төрт коммерциялык банк тарабынан сатылып алынган. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде сатуунун орточо аукциондук көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 14,5 пайызга төмөндөп, 1,7 млрд. сомду түзгөн, мындан тышкары эмитент тарабынан өткөрүлгөн аукциондордун көпчүлүгүндө Улуттук банктын ноталар сунушу суроо-талап көлөмүнөн арткан, бул Улуттук банктын акча-кредит саясатынын максаттарына ылайык, февраль айынын экинчи декадасындагы 3,1 млрд. сомго чейин жогорулоосунан улам жүргөн.

Улуттук банктын ноталарынын жалпы орточо алынган кирешелүүлүгү февраль айында 3,7 пайызды түзүү менен, өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 0,2 пайыздык пунктка жогорулаган.

**2-график. Улуттук банктын ноталарынын суроо-талаптарынын, сатууларынын жана кирешелүүлүк динамикасы**




[1] Бул көрсөткүч ай ичинде суроо-талап/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, анткени ай ичинде өткөрүлгөн аукциондордун саны туруксуз чоңдук болуп саналат.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 5,2 млрд. сом деңгээлде түптөлүү менен, 5,2 пайызга төмөндөгөн. Улуттук банктын ноталарына негизги ээлик кылуучулардан болуп саналышкан коммерциялык банктардын үлүшү, резидент – юридикалык жактардын портфелинин салыштырма салмагынын 36,6 пайызга чейин (+14,5 п.п.) бир эле учурда жогорулашынын алкагында 14,3 пайыздык пунктка, 63,3 пайызга чейин төмөндөгөн (резидент – финансылык юридикалык жактардын үлүшү өткөн айда сыяктуу эле 0,9 пайызды түзгөн, ал эми резиндент – финансылык эмес юридикалык жактардын үлүшү 14,4 пайыздык пунктка, 35,7 пайызга чейин көбөйгөн). Институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы 0,1 пайызга чейин (-0,2 пайыздык пунктка) төмөндөгөн. Резидент эмес жеке адамдар жана юридикалык жактар аукциондордо катышкан эмес.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.03.2013 | 3 600,0 | 2 562,7 | 71,2% | 1 036,0 | 28,8% | 1,3 | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.04.2013 | 3 673,1 | 2 019,8 | 55,0% | 1 653,3 | 45,0% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.05.2013 | 3 143,0 | 2 140,5 | 68,1% | 1 002,5 | 31,9% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.06.2013 | 3 073,0 | 1 811,0 | 58,9% | 1 262,0 | 41,1% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.07.2013 | 3 105,5 | 1 836,0 | 59,1% | 1 269,5 | 40,9% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.08.2013 | 2 680,6 | 960,5 | 35,8% | 1 636,1 | 61,0% | - | 0,0% | 84,0 | 3,1% |
| 01.09.2013 | 2 400,0 | 370,5 | 15,4% | 2 029,5 | 84,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.10.2013 | 2 720,0 | 1 098,6 | 40,4% | 1 621,4 | 59,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.11.2013 | 2 895,4 | 1 229,5 | 42,5% | 1 665,9 | 57,5% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.12.2013 | 3 959,0 | 2 152,6 | 54,4% | 1 806,4 | 45,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.01.2014 | 6 645,0 | 3 892,2 | 58,6% | 2 730,7 | 41,1% | 1,0 | 0,0% | 21,1 | 0,3% |
| 01.02.2014 | 6 240,5 | 4 838,1 | 77,5% | 1 384,9 | 22,2% | - | 0,0% | 17,5 | 0,3% |
| 01.03.2014 | 5 233,1 | 3 310,4 | 63,3% | 1 917,6 | 36,6% | - | 0,0% | 5,0 | 0,1% |